**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**СУЗАК РАЙОНУ**
**БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**БАГЫШСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**БАГЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН**
**VIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ XI СЕССИЯСЫНЫН**

# ТОКТОМ №1

**10-октябрь 2025-жыл** **Октябрь айылы**

## Багыш айыл өкмөтү тарабынан түрткү берүүчү грантка сунушталуучу долбоорлорго колдоо көрсөтүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамын, Багыш айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 09-сентябырындагы №01-15/252 сандуу "Багыш айыл өкмөтүнүн Кедей-Арык айылындагы Т.Турдукулов көчөсүнүн жолун асфальттоо үчүн түрткү берүүчү грантка долбоорду сунуштоо жөнүндө" кайрылуусун негиздеп, Багыш айылдык кеңешинин Социалдык, коомдук жана эл аралык менен байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын сунушун угуп, талкуулап Багыш айылдык кеңешинин VIII-чакырылышынын кезексиз XI сессиясы **токтом кылат:**

1. Багыш айыл өкмөтүнүн Кедей-Арык айылындагы Т.Турдукулов көчөсүнүн ички жолун асфальттоо үчүн долбоор мамлекеттик түрткү берүүчү грантка сунушталсын.

2. Долбоорго Багыш айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинен 3 230 500 (Үч миллион эки жүз отуз миң беш жүз) сом акча каражаты долбоордун кош каржылоосуна бөлүнүп берилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Багыш айылдык кенешинин бюджет, каржы, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик, транспорт, кызмат көрсөтүү жана экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Э.Жолборсовго жүктөлсүн.

4. Токтом Багыш айыл өкмөтүнүн расмий сайтында жарыяланып жана юстиция органдарынан каттоодон өткөрүлгөндөн тартып өз күчүнө кирет.

**Төрага** **К.Кулмамбетов**